УДК 37:370:379.36

Дж.У.Байсалов, А.Т. Калдыбаева
*И.Арабаев атындагы КМПУ*

# БАРПЫ АЛЫКУЛОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ АДАМ КОНЦЕПЦИЯСЫНЫН МААНИСИ

*Гуманизм – бул адамзаттын тарыхындагы дал ошол адамды сактап калууга, аны башка макулуктардан айырмалап өнүктүрүп-өстүрүүгө багытталган таалим-тарбия берүү менен айкалышкан түшүнүк. Кыргыз элдик педагогикасы, анын ичинде элдик адабияты ар дайым борбордук орунга адамды коюп келген, бардык нерсе адам аркылуу айтылып, бардык нерсе ошол адамдын айланасында айланып-тегеренип жүргөн.*

Кыргыз элдик эпосунда, айталык, Манастын айланасына анын минген аты (Акула), ити (Кумайык), курал-жарагы, жоо кийими – бүт баары кызмат кылууга багындырылат. Баатыр оо дүйнөгө узаганда:

"Карагай ыйлайт, тал ыйлайт,
Калың журттун баары ыйлайт".

Же "Олжобай менен Кишимжан" дастанында сүйүшкөн эки ашык бири-бирине жетпей, жаны кыйылып, денеси жерге берилгенден соң алардын мүрзөсүнөн дарак өсүп чыгат. Ушундай гуманисттик идеялар акындар чыгармачылыгында андан ары улантылат.

Көркөм өнөрдүн сүрөттөө предмети болгон адам ар дайым башка адамдар менен мамиледе жана белгилүү бир социалдык чөйрөдө турат. Ошол социалдык чөйрө кандайдыр бир өздөрүнө жарыктуу, жалпы коомго ылайыктуу ыймандык-адептик идеалдарды жаратат, бул жакшы, бул жаман, бул туура, бул туура эмес деген чен-өлчөмдөрдү түзүп алат. "Мына ошол баалуулук ориентациялары ыймандык идеал катары социалдык жана жеке көрүнүштөр менен карама-каршылыкка туш келет. Келип чыккан конфликттен улам эреже боюнча бирин экинчиси сүрүп чыгат. Ушул кезде гумандуу адам гана ыймандык идеалдын талаптарынан мамиле кылат" [1, 19-б.]. Демек, акындын милдети тарбиячы катары ошол социалдык шарт менен жеке адамдын көз карашы беттешкен кезде маселени гуманизмдин талаптары менен чече турган адамды тарбиялоо болуп эсептелет.

Дүйнөлүк адабиятты изилдөөчүлөр Реннесанс же Кайра Жаралуу деген доордо көркөм сөз өнөрүндө адамды башкы планга койгон, эл турмушуна жана калктын оозеки чыгармачылыгына, элдик поэтикага жакындаган гуманисттик чоң агым жүргөндүгүн айтат, ошол эле кезде жанагы адамзат тарыхындагы Кайра Жаралуу доору эң биринчи кезекте Чыгыш адабиятында башталган. Алардын арасында Куран, Мухаммед пайгамбардын хадистери, араб жомогу "Миң бир түн", иран-фарсы тилдериндеги философиялык-гуманисттик поэзия (Аль-Фараби, Ибн Сина, Саади, Хайям, Хосров, Хафиз, Бируни ж.б.), түркий адабият (А.Навои, Ж.Баласагын ж.б.) гуманизмди туу катары көтөрүп чыккан. Дал ошол дүйнөлүк кыймылда, Чыгыштын философиялык-педагогикалык системасында кыргыз акындары да турган.

Алардын бири Барпы Алыкуловдун чыгармачылыгын карап көрөлү. Анын ырында мындай саптар бар:

Айт, айт десе ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар түркүн өнөр чыгарган,
Ааламдагы адамды айт.
Бири күлсө, миңи ыйлайт,
Акыйкатсыз заманды айт.
Байга – бакыт, кедейге –
Шорду жазган каламды айт.
Бул замандын улугу
Жакынын, байды кылкалайт.
Кедей барса арыз айтып,

Көргүсү келбей чалкалайт.
Теңсиздикти ушундай
Адам качан талкалайт [1, 20 бет].

Бул жердеги этнопедагогикалык башкы концепция адамды биринчи планга алып чыккандыгында. Адам тарбиялоонун предмети, адам өзгөртүүчү жана өзгөрүүчү объект. Барпы акындын оюнча "айт, айт" десе, эң биринчи акын катары, атуул катары айта турган нерсеси – аалам. Ошол аалам анын концепциясында тынымсыз алга кадамдап турган, диалектикалык өзгөрүүдө, өсүүдө, динамикалык кыймылда болгон көрүнүш. Ал эми экинчи орунда айта турган нерсеси – ошол ааламдагы адам. Адам анын түшүнүгүндө ар түркүн өнөр чыгарат, демек ал ааламдагы пассивдүү бир макулук эмес, ошол ааламдын ээси жана өнөрлүү жаныбары. Анан ошол адамдар теңсиздикте калган, бул аалам бирөөгө муң-зар, ый болсо, бирөөгө күлкү, ушундай адилетсиздикти талкалай турган да, андай абалдан чыгара турган да шорду маңдайга жазган каламда эмес, анын баары айланып келип эле кайра адамда. Демек, ааламдагы ак-кара, бай-кедей, алдуу-алсыз – баары келип-келип адамга байланып калган. Социалдык чөйрөнү өзгөртүү үчүн адам өзү аракеттениши керек.

"Айт, айт десе" деген ушул ырдагы акындын идеялары улам адамга милдет коюп, адамды туу казыкка алып келип, адамдын ариет-арын көтөрүп отурат.

"Тоо музунан бузулуп, жер энеден сызылып" аккан суу ким үчүн? Адам үчүн. "Дыйканга берип береке, жамгыр сепкен керекке асмандагы булут ким үчүн? Адам үчүн. "Берекелүү күз" ким үчүн? Адам үчүн. "үйүр болуп адамга, илбесин алган куш" ким үчүн? Адам үчүн. "Күсөгөнүң табылган базар-шаар", "гүл жадырап ачылган, күрмө кийген жашыл", "жаркыраган баар", "эки энени тел эмген кысыр эмди тай", "ысыгына мээ кайнаган, илеби ысык жай" – баары ким үчүн? Баары адам үчүн. Анан ушул ааламдын ээси адам ошол кеңири ааламда эмне кылып атат?

Жылуу сөздөн тилдөө көп,
Жүрөктөрү зилдөө көп,
Күлгөнүнөн ыйлоо көп,
Күйүт салып кыйноо көп.
Алуу эмес берүү көп,
Ар азапты көрүү көп.
Калктын ичин бөлүү көп,
Көпчүлүктү сөгүү көп.
Көздүн жашын төгүү көп,
Тирүүлөрдөн өлүү көп,
Көңүлү өспөй чөгүү көп.
Айта берсе далай кеп:
Көздүн жашын курутпай,
Адам муну унутпайт! [1, 22 бет].

Барпы үчүн адамдын модели ушундай – инсан социалдык шартта пассивдүү болуп калган, анын активдүүлүгү, өзүнүн ичинен булкунуп чыгуусу керек. Аны үчүн акындын ойгонбой жаткан уйкудагы инсанга айтар ибараты катуу, педагогикалык таалими таасирдүү:

Эшен менен кожого,
Ишенбестен ошого,
Акыйкатты ачык айт,
Адамдарга шашып айт.
Айт, айбашы дегенди,
Алдап малды жегенди,
Акыйкатсыз элди жеп
Аш, той берген беренди,
Адамга салган чеңгелди
Көргөндөргө анык айт.
Көрбөгөнгө барып айт,
Көңүлүнө салып айт!
Айт, айт десе, чындыкты айт,

Айлыкты эмес, жылдыкты айт.
Ак пейилдүү адамды
Азгыруучу шумдукту айт.
Ачкалыктын айынан
Ач, жыланач, кулдукту айт.
Багам десең жаныңды
Улуктарга жалганды айт.
Айтам десең чындыкты
Башка кайгы салганды айт.
өмүр бою эзилип,
Уу тырмакта калганды айт.
Уу тырмакта мыкчылып,
Эси ооп, талганды айт.
Башыңа түшкөн азаптан,
Куткаруучу балбанды айт! [2, 21 бет]

Барпынын көркөм-эстетикалык концепциясы көккө көтөрүлүп, эми түз эле үгүт-насаатка, педагогикалык ыкма аркылуу коомго жана анын мүчөлөрүнө таасир кылууга өттү, бул өзүнчө эле элди чындыкты бетке айтууга жана адам коомун өзгөртүүгө багытталган педагогикалык трактат сыяктанат. Баарынан да гуманист акын ушул башка түшкөн азаптан куткаруучу адам экендигин биринчи планга сүрүп келет, ошол эле кезде “Айт, айт десе” деген ыры өзүнүн кийинки чыгармачылыгын жана өмүр жолун жарытып берген чырак сыяктуу программалык милдет аткаргандай.

“Барпыга дейре, - деп жазат Кадыркул Даутов, - бир да Чыгыш ойчулдары, бир да түрки шайырлары, бир да кыргыз, кыпчак, же ичкилик тобунан чыккан ырчы-акын Адам табиятынын ар бир нокот, ар бир сызыгы ар түрдүү милдет аткарууга ылайыкталып жаралганын мынчалык тереңден сынак иликтөө жүргүзүп, айнығыс аныктамалар берип тубаса зор психолог, даана реалист художник катары ырдаганын жолуктурган эмеспиз. Ар бир адам баласы, ар бир муун жарыкчылыкка келип, өмүр өткөргөн аралыкта турмуш тажрыйбасы, өнөр салаасы, илим-билим, техника өйдөлөшүнө жараша формасы жаңыланып, бирок түп табияты кала берчү бул түбөлүк чындык өзгөрбөс туруктуу рамкага түшпөйт да, кармалып турбайт да экен. Анда Барпы аваң да бардык сөзүн айтып бүтө элек болуш керек. Озгун ойчул акындын күчтүү интуициясы ишенимдүү сезип турган дагы жаңы катмарлар, түрдүү салаалар ачылыш күтүшүүдө окшойт [2, 190 бет]. Келтирилген мисалдын акыркы саптарына кайрадан жакшылап кылдат сарасап салалычы:

Адамзаттын өзүндө
Ачыла элек сыр да бар.
Адамдарга карата
Алыкулдун уулунда
Айта турган сын да бар.

Акыйкат заң-закону менен эч ким эсептешпей кое албайт. Эсептешкиси келбегенди өзү эсептештирип, таанығысы келбегенди өзү тааныттып алат. Адамзат табиятында түбүнө жетип бүткүс бығыган бул сырларды ачып үйрөнүш кызыкчылыгы менен муктаждыгы канча илим тармактарын жаратпады, канча улуу таланттарды чыгарбады, Зигмунд Фрейд, Отто Вейнингер, Эрих Фроммдор менен миңдеген идеалист динчилер, марксчыл материалист психолог-экспериментчилерди чыгармачыл ишке салбады. Ошолор жасаган улуу ачылыштар, түзгөн эреже-сызыктар, үйрөтчү окуулар Адам табиятын иш жүзүндө түп тамырынан бери таптакыр ондоп, түзөп, баарын бир гана жол менен жүрчү кылып, кыңыр-кыйшык өнчү урук белгилерин экинчи пайда болгус кылып тазалап таштай алдыбы? Бирок, ошолордун бири да, кандай табылга, кандай чындык көрүнүп турбасын, Адам табиятынын аң-сезим тереңинде уялаган фрейдизмде либидо, нарциссизм деп аталчу жапан күчтөрдүн жапан тамырларын тартип менен жакшылыкка карай көктөтүп алыштын аягына чыга алган жок. Эгерде көпчүлүк көңүлүн бургузган мындай өтө зор маанилүү сыр дүйнөнүн баары ачылып калса, ушул күнгө чейин талаш-тартыштар улантылып жүрмөк беле.

Демек, Барпынын өзү Адам табиятынын негизги кан жүгүртүчү күрөө тамырларын

терең иликтеп, ар биринин айырмалуу белгилерин аныктап чыккандан кийин да "Адамзаттын өзүндө ачыла элек сырлар бар" деп жатышы, бул теңдешсиз улуу күч, ачып нокот коюп бүткүс татаал дүйнө дале болсо толук каралып жете электигин, мындан нары да иликтөөчүлөр улантыла берерин эске салганы [2, 198 бет].

Адабиятчынын баасынан улам айта турган нерсе – Адам темасы дал ошол адам өзү жараткан адабият болобу, искусство болобу, илим болобу, кайсыл жагы болсо да акыраягына чейин таанып билүүгө мүмкүн болбогон татаал феномен. Ал эми Барпы ошол феноменди бир кыйла аңтарып көрүүгө аракет кылган элдик этнопедагог, элдик дидактик, элдик адамтаануучу болгон. Анын гуманисттик поэзиясы төмөнкүдөй аспектилерден өзгөчө бөлүнүп көрүнөт:

1. Ал адамды бардык нерсенин башатына, ааламдын борборуна коюп караган.
2. Барпы акын катары адамдын жаратуучулук, өзгөртүүчүлүк күчүнө ишенген.
3. Адам тарбиялоонун предмети боло аларын көрсөткөн.
4. Адамды ар тараптан таанып билүүгө аракет кылган, анын оң-терс жактарын материалист диалектик катары байкаган.
5. Адамды сүйө билген, инсанга адамгерчилик менен мамиле кылган.
6. Адам концепциясын жалпы адамзаттык парк-насилдер менен, эң биринчи кезекте Чыгыш адамтаануусунун традициялары менен карай билген.

Кыргыз элдик ырчыларынын чыгармаларын мектепте үйрөнүүдө алардын этнопедагогикалык идеяларындагы гуманисттик көз караштар өзгөчө маанилүү.

Билим берүүнүн гумандаштыруу маселеси азыр дүйнөлүк практикада өтө курч коюлууда. Ыйман сабагы, кыргыз адабияты предметтерии окутууда элдик акындардын чыгармаларындагы гуманисттик идеяларды бөлүп алуунун эки багыты бар. Биринчиси, окутуу технологияларын гумандаштыруу, б.а. акындардын ырларын талдоо аркылуу "окуучу – окуучу" жана "мугалим – окуучу – акын" мамилесин гумандуу алып баруу; экинчиси, билим берүүнүн мазмунун гумандаштыруу, мисалы, мында акындын ырларындагы гуманизм идеяларын бөлүп чыгып, аларды окуучуларга жеткирүү жана адамгерчилик тууралуу талаш-тартышка чакыруу, ушулар аркылуу балдардын гуманисттик сезимдерин калыптандыруу.

АДАБИЯТТАР:


1. Сластенин В.А., Исаев И.Ф., Шиянов Е.Н. Общая педагогика: В двух частях. Ч.2. – М.: Владос, 2003.
2. Барпы. /Түзгөн Б.Апилов. 1-том. – Б.: КЭБР, 1995.
3. Даутов К. Албан кырдуу алп акындын дүйнөсү. – Б.: Басма – тамга, 2003.
4. Калдыбаева А.Т. Элдик акындардын чыгармаларындагы тарбия маселелери. – Б., 2002.


УДК 370.181.5

Р.И.Курманходжаева

*КНУ им. Ж. Баласагына*

## ВОЗРАСТНАЯ РАЗОБЩЕННОСТЬ ДЕТЕЙ И СОЦИАЛЬНАЯ РАЗОБЩЕННОСТЬ ОБЩЕСТВА (ПРОБЛЕМЫ ВОЗРАСТНОЙ СЕГРЕГАЦИИ)

*Статья посвящена актуальной проблеме современной педагогической науки – вопросам возрастной сегрегации детей и взрослых. Анализируются социальные причины разобщения учащихся и педагогов, семьи и школы, города и села.*

Научно-технический прогресс и вызванная им стремительная урбанизация, сокращение сельского и возрастание городского населения, перемещение десятков тысяч людей из одного состояния в другое - новое, непривычное для них; распад сельского народного, жизненного уклада, разрушение веры; рост общественного воспитания, - а с ним снижение влияния семьи, извращение женской (да и мужской) эмансипации; отказ школы от воспитания - всё это породило веер сложнейших социальных проблем, чреватых катастрофическими последствиями и для каждого человека, и для всего общества.